**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**

# А Н Ы К Т А М А

Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүштү токтото туруу тууралуу

2025-жылдын 23-майы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу – Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, М.Ш. Касымалиев, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы С.А. Джолгокпаеванын катышуусунда Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча сот отурумун кийинкиге калтыруу жөнүндө С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун өтүнүчүн карап чыгып, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып,

## Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун өндүрүшүндө Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн “Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой

калганда, прокурордун, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын, ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат” деген сүйлөм менен билдирилген ченемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө М.М. Жорокуловдун, Т.У. Музулмановдун, С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун кайрылуулары боюнча бириктирилген иш каралууда.

2025-жылдын 30-апрелинде Конституциялык сотко арыз ээлери С.А. Матцаковдон жана Н.Ж. Жаныбековдон 2025-жылдын май-август айларында окуусуна байланыштуу Н.Ж. Жаныбековдун Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары болору пландалып жаткандыгы тууралуу маалыматты камтыган кайрылуу келип түшкөн. Өз кайрылуусунда арыз ээлери, эгерде соттук отурум көрсөтүлгөн мезгилге белгиленсе, анда Н.Ж. Жаныбековдун жеке катышуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында, соттук отурумду кыйла кечирээк мөөнөткө жылдырууну өтүнүшкөн.

“Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 34-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык бардык тараптар бирдей процессуалдык укуктарга ээ.

Конституциялык соттун Регламентинин 70-пунктунун 3-пунктчасына ылайык, тарап өзүнүн жок болушунун жүйөлүү себептери болсо, ишти анын катышуусунда кароо жөнүндө өтүнүч менен кайрыла алат.

Жогоруда көрсөтүлгөн ишти кароонун мыйзамда белгиленген мөөнөтүн эске алып, иш боюнча ошондой эле кайрылуучу тарап болуп саналган М.М. Жорокулов менен Т.У. Музулмановдун сот отурумун кыйла кечирээк мөөнөткө жылдырууга каршы эместиктери жөнүндө жазуу жүзүндөгү берилген ырастоосун көңүлгө алып, Конституциялык сот С.А. Матцаковдун жана Н.Ж. Жаныбековдун өтүнүчүн канааттандыруу зарыл деп эсептейт.

Аталган конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 1-бөлүгүндө, Конституциялык сот, эгерде ишти кароону белгиленген мөөнөттө аяктоо мүмкүн болбосо, келип чыккан тоскоолдуктар жоюлганга чейин иш боюнча

өндүрүштү токтото турууга укуктуу экендиги каралган.

Баяндалгандардын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 34-беренесинин 1, 4-бөлүктөрүн, 43, 48, 49 жана 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Максатбек Мергенбаевич Жорокуловдун, Таалайбек Узенович Музулмановдун, Самат Аскарович Матцаковдун жана Нурсултан Жаныбекович Жаныбековдун кайрылууларына байланыштуу Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 120-беренесинин жана 267-беренесинин 5-бөлүгүнүн “Айыпталуучуну кызмат ордунан убактылуу четтетүү, мындай чараны көрүү зарылдыгы болбой калганда, прокурордун, тергөөчүнүн өтүнүчү боюнча тергөө судьясынын, ал эми соттук териштирүүдө судьянын, соттун токтому менен жокко чыгарылат” деген сүйлөм менен билдирилген чenемдик жобосунун конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш токтото турулсун.

2. Бул аныктама кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**